*т. и. к., доц. Рыскул Жолдошов*

# БАЛБАЙ БААТЫРДЫН ТУУЛГАН ЖЫЛЫНА ТАКТОО

Кийинки мезгилдерде кыргыз тарыхында аты калган белгилүү инсандарга кайрылуу, аларды даңазалоо күч алууда. Мындай учурда, алар жөнүндө тарыхый чыныгы фактылар эске алынбай, көпчүлүк маалда ар-кандай имиштерге же болбосо ойдон чыгарылган кыялдарга таянуу менен, белгилүү инсандарды мифке айландыруу процесси кеңири кулач жаюуда. Тарыхта жашап өткөн инсандарга мындай мамиле жасоо, кечирилгис күнөө экендиги кыргыздын «соңку мезгилдеги изилдөөчүлөрүнүн» капарына да кирбей тургандыгын күбөлөйт. Чындыгында, тарыхый инсандардын ишмердүүлүктөрү канчалык так болсо, алардын жомокко айланбай, тарыхта калуусу ошончолук узак болот. Кыргыз инсандарынын такталбаган маалыматтарынын катарына, Балбай Эшкожо уулу 1792-жылы туулган деген пикир да кирет. Бул пикир 1992-жылы Балбай баатырдын 200 жылдык маарекеси өткөрүлгөндүгү менен келип чыккан. Тойду уюштуруучулар кандай документке же тарыхый булакка таянышып, 200 жылдык маареке өткөрүшкөндүктөрү белгисиз. Бирок, Балбайдын 1792-жылы туулган деген пикир, эч-кандай фактыга негизделинбеген, чындыктан алыс турат. Ошондуктан, бул датаны тактап коюуну ылайык көрдүк.

Балбай Эшкожо уулу баланчанчы жылы туулган деп, так көрсөтүп турган документ жок жана анын ишмердүүлүгү атайылап изилденилбегендиктен туулган жылы такталбаган. Ошондуктан, ар кыл тарыхый макалаларда, анын туулган жылы ар-кандай мезгилдерде көрсөтүлүп жүрөт. Мисалы, 1990-жылы чыккан «Кыргыз тарыхы» кыскача энциклопедиялык сөздүктө Балбайдын туулган-өлгөн жылдары көрсөтүлбөйт, 1997- жылы жарык көргөн “Ысык-Көл облусунун энциклопедиясында” 1797-жыл деп көрсөтүлсө, У. Асымбеков жана А. Беделбаев жазган “Балбай баатыр баяны” деген макалада, ал 1791-93-жылдардын аралыгында туулгандыгы божомолдонот. “Ысык-Көл” облусунун энциклопедиясындагы 1797-жыл деген маалымат (ЫОЭ-Б.,-1997, 441-б.) кыязы, 1792-жыл деп маареке-той аркалуу белгиленген датанын китепте “2”, “7” болуп ката басылып калгандыгынан пайда болгон окшойт. Балбай тууралуу жазышкан авторлор У.Асымбеков менен А. Беделбаев “Балбай 1791-93-жылдардын аралыгында туулушу мүмкүн” дешкен пикирлерин Б. Солтоноевдин “Кызыл кыргыз тарыхы” эмгегиндеги “Балбайдын арманы” жөнүндөгү ырдын үзүндүсүндөгү:

*“Алтымыш үч жашымда*
*Ормонду сойдум жашында...”*

деген ыр саптарындагы маалыматты негиз кылып алгандыктарын көрсөтүшөт. (“Балбай баатыр баяны”, Кыргызстандын тарыхы боюнча методикалык көрсөтмөлөр жана программалык материалдар. -Б., 1994. -110 - б.). Мында, Ормон-хан өлгөн 1855-жылдан 63 жылды кемитсе, көрсөтүлгөн мезгил келип чыгат. Балбайды 1792-жылы туулган деп

маареке-тойду уюштуруучулар дагы Б. Солтоноевдин так ушул маалыматына бекем таянышкандыктары байкалат. Чындыгында бул маалымат Б. Солтоноевдин кол жазмасындагы тамгалардан кеткен механикалык каталыктан жаралган. Андагы "жашында" деген сөз "жашымда"("н" менен "м" тамгасы), "башында"-"жашында"("б" менен "ж" тамгасы) болуп ката жазылып калган. Бул жерде 63 жашта Балбай эмес, а Ормон-хан болгондугу айтылат. Б.Солтоноев "Кызыл кыргыз тарыхында" үзүндү келтирген так ушул "Балбайдын арманы" деген элдик ырдын толук вариантын өз колу менен 1923-жылы, "Балбай" деген кол жазмасында жазып калтырган (УИА.,КЖФ, инв.№464/1864). Ал ырда:

*"Алтымыш үч жашында*
*Ормонду сойдум башында..."*

- деп Ормон-хан 63 жашында өлгөндүгү, ал эми ошол кезде Балбай өзү 42 де болгондугу:

*"Аттанып Ормон келгенде*
*Кырк экиде жашымда*
*Ормонду сойдум ошондо..."*

- *деп айтылат.* Мындан көрүнүп тургандай, Ормон-хан өлгөн 1855-жылы Балбай 42 де болсо, анда ал 1813-жылы туулган болот.

Ката жазылган сап менен алганда Балбай Ормондон бир топ улуу болуп, аны 63 жаш аксакал курагында жарадар кылса, а Ормон-хан кырчындай жаш кезинде курман болгон деген түшүнүк жаралып калган. Санжырадагы тарыхый билдирүүлөрдө анын тескерисинче, Балбай Ормон-хандан алда канча кичүү болгондугу маалымданылат. С. Орозбак уулу жана андан угуп үйрөнгөн Ы. Абдрахмановдун маалыматтарында 1846-жылы жайындагы кыргыздардын Кенесарынын казактары менен болгон алгачкы согуштан кийин, Ормон-хан кыргыз башкаруучуларын Ысык-Көлгө чогултуп, казактар менен кандай мамиле түзүү жана согуш болуп калса ага даяр туруу маселелери боюнча жыйын кылат. Ал жыйынга кыргыз бий, баатырларынын ичинен эң алгачкыларынан болуп, черик уруусунун бийи Ажыбек баатыр, анан Балбай баатыр келишет. Ошондо алардын чечкиндүүлүгүнө суктанган Ормон-хан :"Ажыбек агам, Балбай балам болсочу",-деп тамшанган экен ("Казак-кыргыз окуясы".УИА,КЖФ.-инв.№12/205). Мында Ажыбек Ормондон бир аз улуу болсо, Балбай анын баласы курактуу кичүү болгондугу ачык айтылып жатат. Балбайдын Ормондон кичүү болгондугу жөнүндөгү фактылар санжырада арбын жолугат. Алардын бирине Ормон-хандын Балбайды кичүү катары "тентек", "чунак" деген эпитеттер менен атап кайрылгандыгын көрсөтсөк болот. Ал эми Ормон-хан 63 жашында каза болгондугу элдик санжыраларда өтө бекем сакталып келген. Мисалы: 1932-жылы араб тамгасында жазылган Насирдин Бөөмбай уулунун санжырасында: "Ормон-хан 63 жашында киши колдуу болуп өлгөн"-, деп берилет ( УИА. КЖФ. -инв.№808.-79-80-б). Муну Б.Солтоноевдин Ормон-хан 63 жашында каза болгон деген кол жазмасы да толуктап турушу, анын тарыхый чындыктан алынгандыгын күбөлөшөт. Тарыхый даректерде Ормон-хан 1855-жылдын жазында каза болгондугу белгилүү.

Жогоруда айтылгандай Б. Солтоноевдин Ормон-хан өлгөндө Балбайдын 42 жашта болгон деген маалыматынан улам, Балбайдын туулган жылы 1813- жыл деп көрсөтсөк болот. Бирок, тарыхый даректерде Балбайдын жаш курагын көрсөткөн мындан башка дагы кабарлар кездешеби деген маселеге токтололу.

Балбайдын жаш курагы анын өзүнүн орус бийликтерине жазган каттарынын биринде маалымдалат. Кат токой тайпасынын (уругунун) бийлөөчүсү Балбай Эшкожо уулунан пристав Колпаковскийге жөнөтүлүп, андагы кабар 1862-жылы Качыбек Шераалы уулу өлгөндөн кийин, бугу уруусундагы Шапак менен Меңмурат тукумдарынын башкы манаптыкты талашып жаткандыгына байланыштуу жазылган. Каттын мазмунунда Балбай башкы манаптыкка талапкер Меңмурат тукумунун өкүлү Сарыпбек Сасыке уулун жамандап, бийликти Шапак тукумдарына берүүсүн суранган өтүнүчү баяндалат. Каттагы: “... Сиз урматтуууга өтүнүп калдым. Белектин он уулунун аксакалы Качыбек болсо, мен анын кенжеси элем. Качыбекти кандай көрсөңүз мени да ошондой көрүңүз...”-, деген Балбайдын сөзүнөн, ал Качыбек Шераалы уулунан кичүү болгондугун так билебиз (ЦГА Каз.ССР, оп.1, д.516, л.17-17-об.). Катта жазылган Белектин он уулу деген сөз, бугунун ичиндеги белек уругундагы он ата жөнүндө болуп жатат. Ал эми архивдик документтердин негизинде Качыбектин качан туулгандыгын тактоого болот. Батыш Сибирдин генерал-губернатору Г. Х. Гасфорддун тышкы иштер министрлигинин башкаруучусу Л. Г. Сенявинге жазган бугу уруусу жөнүндөгү билдирүүсүндө, Качыбек Шераалы уулу алгач 14 жашында Омбу шаарына келген элчилердин бири болгондугу, ал мурунку корпус командири генерал Глазнеп тарабынан капитан чини жана Аннендик тасмадагы алтын медаль менен сыйлангандыгы тууралуу баяндалат (АВПРИ.Ф.-СПб., глав. архив. 1-7,оп.6, 1854, д.1,л.52-56-об.) Бул элчилик 1813-14-жылдардын аралыгында Ысык-Көл кылаасына уюштурулган орус бийликтеринин миссиясында (А.П.Бубеновдун келиши) болуп өткөн (“Внешняя политика России XIX и начала XX веков”; Документы Росс. МИД.- серия 1, т. VII,-М., 1970. – 584 - 585с.). Эгерде Качыбек Шераалы уулу 1814-жылы Омбу шаарына барганда 14 жашта болсо, анда ал 1800-жылы туулган болот. Балбайдын өзүнүн Качыбектен кичүү болгондугун билгизгендиги, демек, Балбай Эшкожо уулу 1800-жылдан кийинки мезгилде ( т. а. XIX к. башында) туулгандыгын тактап турат.

Көрсөтүлгөн документтердин негизинде Балбайдын XIX кылымдын башы чендерде (1800-ж-н башында) туулгандыгын тактагандан кийин, анын так туулган жылын иликтөөгө жооп берүүчү маалыматтар, жогоруда көрсөтүлгөндөй элдик санжыраларда гана кездешет. Эл оозунан Балбай жөнүндөгү көптөгөн аңыз-уламыштарды алгачкы жыйноочулар чогултуп башташкан. Алардын катарына 1921-жылы К.Байжан уулунан К.Мифтаков, 1923-жылы Б. Солтоноев, 1925-жылы Ж. Сарык уулунан О. Мамыркан уулу, 1927-жылы А. Бокобай уулунан К.Карасаев ж.б. жазып калтырган кол жазмаларды атасак болот.

Алардын айрымдарында, мисалы Жакшылык Сарык уулунун айтуусунда Балбай 1812-жылы Ысык-Көлдө туулган ( “Балбай. түрлүү ырлар”.- УИА.- КЖФ., инв. №33). Белек Солтоноев да дал ушул “1812-жылы Балбай туулганда ак челге оролуп түшкөн” деп жазып, анын 1855-жылы 42 жашта болгондугу жөнүндөгү, жогоруда эскерилген элдик ырды кагаз

бетине түшүргөн (“Балбай”. -УИА. -КЖФ, инв. №464/1864. -5-б.). Элдик оозеки маалыматтардагы Балбай Эшкожо уулун XIX кылымдын баш чендеринде туулгандыгын көрсөткөн фактылырдын архивдик документтер менен туура келиши, санжыралык 1812-1813-жылдар чындыкка жакын деген тыянакка алып келет. Ал эми маареке-той менен белгиленген 1792-жыл таптакыр негизсиз экендигин Балбайдын өзү жазган катындагы маалымат ачык далилдейт. Бул тойдун өткөрүлүшү менен Балбай 20 жаштын тегерегинде улгайтылып калгандыгы байкалат. Ошондуктан, тарыхый даректердеги кабарларга таянып, Балбай Эшкожо уулун, болжолу, 1813-жылы туулуп, ал 1867-жылы сентябрь айында 54 жаш курагында каза болгондугун тастыктайбыз.